**Аралыктан (дистанттык) окутуу мезгилинде ата-энелерге методикалык, психологиялык жардам көрсөтүү боюнча атайын НУСКАМА**

**УРМАТТУУ АТА-ЭНЕЛЕР!!!**

Балдар мектепте окуганда бардыгы түшүнүктүү эле: балага керектүү окуу каражаттарын, мектеп формасын алып берип, өз убагында сабагына барып келчү. Үйдө ата-энелер үй тапшырмасын аткарганын гана көзөмөлдөп келген. Бүгүнкү кырдаалда пандемияга байланыштуу аралыктан окутуу процесси бардыгыбызга жаңы нерсе болду. Дистанттык окутууда ата-энелердин ролу чоң. Быйылкы жаңы окуу жылынын биринчи чейреги да аралыктан окутуу формада жүрүүсү мүмкүндүгүнө байланыштуу, Сиздерге окуучулардын билим алуусун уюштуруу үчүн төмөнкүлөрдү сунуштайбыз:

**Биринчи кадам. Жагымдуу чөйрө жаратуу**

Аралыктан окутуу процесси башталганда үй-бүлөдө жагымдуу психологиялык чөйрө жаратуу балдардын кызыгуусун, билим алууга болгон шыгын ойготот. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн (чоң ата-чоң эне, бир тууугандар) бардыгы үй-бүлөдө окуу процессине активдүү катышуусу максатка ылайыктуу.

**Экинчи кадам. Шарт түзүү**

Балдардын мыкты окуусу үчүн сабак даярдоочу атайын бөлмө же орун даярдап, аны стол, стул, жетиштүү жарык (стол лампасы) жана керектелүүчү окуу куралдары менен камсыздоо зарыл. Айрыкча сабак даярдоочу бөлмө санитардык-гигиеналык талапка жооп берип, таза аба болушу шарт.

**Үчүнчү кадам. Керектүү каражаттар менен камсыздоо**

Аралыктан окууга керектүү зарыл техникалык каражаттар: телефон же планшет, ноутбук же компьютер менен камсыздоо керек. Эң башкысы техникалык каражаттардын сапаттуулугуна, балдар үчүн коопсуз

экендигине ата-эне маани берүүсү шарт. Бир үй-бүлөдө 3-4 окуучу окугандыктан, онлайн сабактар бир мезгилге туура келип калса, мүмкүн болушунча ар бирине өзүнчө зарыл болгон техникалык каражаттарды алып берүүгө аракеттенүү керек.

**Төртүнчү кадам. Күн тартибин туура пландаштыруу.**

Үй-бүлөдө аралыктан окуу процесси башталган учурда балдардын “Күн тартибин” жана сабактардын жадыбалын мугалимдер, класс жетекчиси менен макулдашып, түзүп, көрүнүктүү жерге илип жана аларды ошого таянууга үйрөтүү зарыл. Күн тартибинде балдардын сабак даярдоосу, китеп окуусу, эс алуусу, зарылдыкка жараша күндүз жарым саат же бир саат уктоосу, таза абада жүрүүсү, эмгек тарбиясын алуусу эске алынышы зарыл.

**Бешинчи кадам. Сабактардын жадыбалы.**

Телеканалдардан бериле турган сабактардын бир жумалык, мектеп мугалимдери тарабынан өтүлүүчү онлайн сабактардын, кайтарым байланыштардын ийкемдүү жадыбалын түзүп, баланын сабак даярдаган бөлмөсүнө илип, ата-эне тарабынан көзөмөл жүргүзүлүшү шарт. Телесабактарды өз убагында көрө албай калган учурда атайын билим берүү порталына, ютуб каналдарына жүктөлгөн сабактар ата-энелердин жардамы менен балдарга камсыздалышы керек.

**Алтынчы кадам. Балдар үчүн тыныгуу.**

Сабактардын аралыгында 15 мүнөттүк тыныгууну уюштуруп, таза абага чыгарып, бир туугандары менен ойноого, гимнастика жасоого, эс алууга шарт түзүү максатка ылайыктуу. Айрыкча балдар үчүн гимнастика кан айлануусун жакшыртып, мээнин кабыл алуусу үчүн абдан маанилүү. Окуучулар үчүн ширindиктер, мөмө-жемиштердин ширелери же суу столдун үстүндө турушу өтө маанилүү.

**Жетинчи кадам. Балдар эмнени билиш керек?**

Билим берүү программалары, платформалар, пландар, андан тышкары ар бир предметтен балдар эмнелерди маалымат катары алыш керек, балдарда кайсы көндүмдөр калыптанышы керектиги тууралуу

маалыматтарды  ата-энелер билип алышы шарт. Анткени ата-энелер балдарды ал көндүмдөргө багыттап, өздөштүрүүсүнө көмөктөшөт.

**Сегизинчи кадам. Балдарды шыктандыруу.**

Балдарды жакшы окууга ата-эне ар дайым шыктандырып туруусу зарыл. Мисалы: үй тапшырмаларын жакшы аткарса, жакшы баа алса, ошону белгилеп, сүйүндүрүп, бааларын кагазга жазып илип коюп, үй-бүлө мүчөлөрүнө айтып, шыктандыруу. Ата-эне баласы менен бирге кубанып, эпидемия убактылуу экендигин эскертип,  буйруса бул кырдаал таркап кетсе, кадимки жандуу окуу процесси башталарын айтып, эскертип, баланын үмүтүн  сактап калышы керек.

**Тогузунчу кадам. Телесабак, үй тапшырма, кайтарым байланыш...**

Балдардын телесабактардан тышкары өз алдынча үй тапшырмасын аткаруусуна көз салуу, тапшырмалардын көлөмүн, берилишин жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө. Айрыкча кайтарым байланышка маани берүү, балдардын китеп окуусун уюштуруу маанилүү.

**Урматтуу ата-энелер, балдар телевизор, интернет, телефондон чарчайт, тажайт, ошондуктан сөзсүз алардын столунда тиешелүү предмет боюнча окуу китеби болуп, балдар түштөн кийин, кечинде  үй тапшырмасын аткарганда, окуу китеби менен даярдануусуна да шарт түзүү зарыл.**

**Онунчу кадам. Балдарды үйдө жалгыз калтырбоо.**

Балдарды моралдык жактан колдоп, эч качан өзү жалгыз калуусуна жол бербөө керек. Мүмкүн болсо балдарды өзүн жалгыз үйдө калтырып кетпегенге аракеттенүү зарыл. Аларды классташтары менен, бир туугандары менен, кошуна балдары менен телефон аркылуу, же мүмкүнчүлүк болушунча коопсуздук эрежелерди сактап, байланышына шарт түзүп берүү керек. Ата-эне жана окуучу класс жетекчи менен байланышып туруусу да жакшы натыйжа берет. Окуучунун өзүнүн классташтары менен  байланышып, тапшырмаларды тактап, ой бөлүшүп турушу да өзгөчө мааниге ээ.

**Он биринчи кадам. Бала мектепке окуса эмне кылуу керек?**

Мектепте  айрым класстар реалдуу режимде окууга келе турган болсо, ата-энелер балдарына керектелүүчү шарттарды түзүп берүүсү шарт. Керектүү гигиеналык каражаттар менен камсыз кылуу керек. Ар күнү ата-энелер балдарын мектепке алып келгенде, класс жетекчисине ден соолугу

жөнүндө айтып: баланын дене табын өлчөп, жакшы болсо, тапшырып кетүүсү керек. Эгерде баланын дене табы жогору болсо, ал күнү мектепке алып келбөө шарт.

**ИНСТРУКЦИЯ**
**по оказанию методической и психологической помощи для родителей в период дистанционного обучения**

**УВАЖАЕМЫЕ РОДИТЕЛИ !!!**

Во время обучения детей в школе все было предельно ясно: приобретали необходимые школьные принадлежности, школьную форму, и ребенок своевременно посещал учебные занятия. Дома родители контролировали выполнение домашнего задания.

В сегодняшней ситуации процесс дистанционного обучения, связанный с пандемией, является новым форматом для всех нас, и роль родителей в его реализации занимает значительное место. В связи с тем, что первая четверть нового учебного года в этом году, кроме первых классов, будет проходить в дистанционном формате, для организации обучения учащихся предлагаем Вам следующее:

**Первый шаг. Создание благоприятной среды**

Создание благоприятной психологической среды в семье, когда начинается процесс дистанционного обучения, пробуждает интерес детей к получению образования. Желательно, чтобы все члены семьи (родители, бабушки и дедушки, братья и сестры) принимали активное участие в процессе обучения.

**Шаг второй. Создание условий**

Для усвоения общеобразовательных программ детьми необходимо подготовить специальную комнату или место для подготовки уроков, оснастив столом, стульями, достаточным количеством света (настольная лампа) и необходимыми учебниками. В комнате для занятий должен быть чистый воздух, отвечающий санитарно-гигиеническим требованиям.

**Шаг третий. Обеспечение необходимым средствами**

Дистанционное обучение должно быть обеспечено необходимыми техническими средствами: телефоном или планшетом, ноутбуком или компьютером. Самое главное, чтобы родители уделяли внимание качеству технических средств для обеспечения безопасности детей. В случаях, когда в одной семье обучается 3-4 ученика, то при совпадении онлайн-уроков необходимо стараться, по возможности, выделять каждому по отдельности необходимые технические средства.

**Шаг четвертый. Правильное планирование режима дня.**

В начале процесса дистанционного обучения в семье необходимо согласовать “режим дня” и составить расписание уроков с учителями, классным руководителем. Режим дня и расписание разместить на видном месте и научить ребенка опираться на них. В режиме дня должны быть учтены подготовка детей к занятиям, чтение книг, отдых, при необходимости в день полчаса или час сна, прогулки на свежем воздухе и трудовые тренировки.

**Шаг пятый. Расписание уроков.**

Необходимо создать гибкое расписание уроков на одну неделю, транслирующихся по телеканалам, онлайн-уроков, проводимых школьными учителями, занятий обратной связи. Разместить расписание уроков в комнате ребенка для занятий и осуществлять контроль. В случае несвоевременного просмотра ТВ уроков, уроков, загруженных на портал специального образования, каналы YouTube должны быть предоставлены детям с помощью родителей.

**Шаг шестой. Перерыв для детей**

Целесообразно организовать 15-минутные перерывы между занятиями, прогулки на свежем воздухе, создать условия для игры с братьями и сестрами, занятия гимнастикой и отдых. Особенно для детей гимнастика важна для улучшения кровообращения и умственного восприятия. Для здоровья учащихся полезно, чтобы на столе были сладости, фруктовые соки или вода.

**Шаг седьмой. Что нужно знать детям?**

Родители должны знать об образовательных программах, платформах, планах, а также о том, какую информацию детям необходимо усвоить по каждому предмету и какие навыки необходимо развивать детям, так как родители помогают детям ориентироваться и усваивать эти навыки.

**Шаг восьмой. Мотивация детей**

Родителям необходимо всегда поощрять своих детей хорошо учиться. Например, если ребенок успешно выполняет домашнее задание и получает хорошую оценку, отметьте, подбодрите его, запишите на листе бумаги отметки и повесьте на видном месте, расскажите членам своей семьи и тем самым мотивируйте его. Родители должны вести определенную работу с ребенком, предупреждать его о том, что эпидемия временная, как только эта ситуация завершится, начнется обычный учебный процесс в школе, сохранив надежды ребенка.

**Шаг девятый. Телеуроки, домашнее задание, обратная связь...**

Необходимо отслеживать выполнение детьми самостоятельного домашнего задания, кроме телеуроков, а также объёма заданий и их выполнении. Особенно важно обращать внимание на обратную связь и организацию чтение книг.

**Уважаемые родители, дети устают от телевидения, интернета, телефона, поэтому необходимо иметь на столе учебник по соответствующему предмету для выполнения домашнего задания после обеда или вечером.**

**Шаг десятый. Не оставлять детей одних дома**

Родителям необходимо принимать все меры для того, чтобы оказывать детям моральную поддержку и, по возможности, стараться не оставлять детей одних дома. Поощрять общение детей по телефону с одноклассниками, сестрами и братьями, если возможно, с соблюдением правил безопасности, общение с детьми соседей. Поддержание связи родителей и учеников с классным руководителем дает хороший результат. Особое значение имеет и общение ребенка со своими одноклассниками, уточнение заданий, обмен мнениями.

**Шаг одиннадцатый. Что делать, если ребенок ходит в школу?**

Если в школе отдельные классы идут на обучение в реальном режиме, родители должны создавать необходимые условия для своих детей. Необходимо обеспечить детей необходимыми гигиеническими средствами. Каждый день, когда родители приводят детей в школу, они информируют классного руководителя о состоянии здоровья ребенка: нужно измерить температуру тела ребенка и, в случае удовлетворительного состояния здоровья ребенка, оставлять в школе. Если у ребенка высокая температура, то в этот день его не следует приводить в школу.